КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
КЫЗЫЛ-СУЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ
КЕНЕШ

"31" 01 2023-ж №148

**Эл депутаттарынын Кызыл-Суу айылдык Кенешинин XXVIII чакырылышынын 17-сессиясынын**

# ТОКТОМУ

**"Жайыт комитетинин 2022-жылга жайыт акысын жана мал багуу боюнча бааларын бекит жөнүндө"**

Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн коомдук угууда малчылардын жана тургундардын жайыт акысы жана мал багуу боюнча бааларды бекитүүдө ой-пикирлерин карап чыгып, талкуулап, айылдык кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

1.Малчылардын 2023-жылга жайыт акысына төлөнүүчү акысы төмөндөгүдөй бекитилсин.

а) Уй багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн -60 сом
б) Жылкы багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн -60 сом
в) Кой, эчки багууга жайыт пайдалангандыгы үчүн -12 сом
г) Бадага жайыт пайдалангандыгы үчүн -60 сом

2.Малчылардын 1 айга элден алынуучу эмгек акысы төмөндөгүдөй бекитилсин.

а) Уй баккан акы үчүн -400 сом
б) Жылкы баккан акы үчүн -400 сом
в) Кой, эчки баккан акы үчүн -70 сом
г) Элдин уйларын баккан бадага -400 сом

3.Малчылар 2023-жылдын 1-апрель айынан баштап жакынкы жайлоолорго көчүрүлсүн. Кашарларда эки баш саан уй, бир баш жылкыдан ашык мал калтырылбасын. Кой, эчкилер купкага салынгандан кийин алыскы Сырт өрөөнүнө 15-июль айына чейин көчүрүлсүн.

4.Токтомдун 3-бөлүмүнүн талаптарын аткарбаган КР жарандарына КР "Бузуулар жөнүндөгү Кодексине ылайык айып пул салуу жана алар боюнча иш алып баруу жагы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн алдындагы бузуулар комиссиясынан суралсын.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн жайыт пайдалануучулар комитетинин төрагасы М. Маданбековго тапшырылсын.

**Айылдык Кенешинин төрайымы:** **Г.Чыныбаева**